# АЗЫРКЫ ШАРТТАГЫ АЯЛДАРДЫН СОЦИАЛДЫК–ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

**САЛЬПИЕВА Э.Б.**

*Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*

**УДК 316.35**

***Аннотация:****Гендердик теңдүүлүк аспектерин өнүктүрүүнүн негизги себептери, аялдарга көбүрөөк көңү лбурулуп, аялдарды эң жөнөкөй укуктар менен камсыз кылууга көңүл бурулушу тийиш. Аял бардык маданияттар тарабынан өз алдынча инсан катары эмес, эркекке, атап айтканда, атасына, күйөөсүнө камкордук көргөн кишиге дайыма көзкаранды болгон «көмөкчү» социалдык жан катары кабылданган. Бүгүнкү күндө гендердик теңсиздик маселеси тууралуу Кыргызстанда көп сөз болу менен, мен да өз оюмду айткым келди.*

***Урунтуу сөздөр:*** *Аял, эркек, гендердик теңсиздик, үй-бүлө, каада- салт.*

***Аннотация:*** *Основными причинами обращения внимания проблемам гендерного равенства – это наделение женщин правами во всех сферах их деятельности. В истории из покон веков женщин воспринимали не как личность, а как женщин хранительницей домашнего очага. В наше время гендерные проблемы в Кыргызстане актуальны. И я хотела выразить свое мнение.*

***Ключевые слова:*** *Женщина, мужчина, гендерное равенства, семья, традиция.*

***Abstract:****The main reasons for paying attention to gender equality is the empowerment of women in all spheres of their activities. In the history from time immemorial women have been perceived not as a person but as women homemaker. Nowadays gender issues in Kyrgyzstan relevant. And I wanted to Express my opinion.*

***Keywords:*** *Female, male, gender equality, family, tradition.*

Гендердик теңдүүлүк аспектерин өнүктүрүүнүн негизги себептери, аялдарга көбүрөөк көңүл бурулуп, аялдарды эң жөнөкөй укуктар менен камсыз кылууга көңүл бурулушу тийиш. Бул айыл жеринде жашаган аялдар үчүн өзгөчө маанилүү. Бул маселелерди натыйжалуу чечүү үчүн жергиликтүү деңгээлде гендердик тендикти ишке ашыруунун максаттуу саясатын түзүү, аларды ишке ашыруунун стратегиясын иштеп чыгуу. Экинчи жагынан, руханий кайра жаралуу процесси патриархалдык ренессанс түрүндөгү белгилүү мүчүлүштүктөр, мурдатан салт болуп калган субмаданиятка жана диний ырым-жырымдарга кайра кайрылуу менен коштолот. Коомчулуктун аң-сезимине таасир тийгизүү механизмин түзүү өзгөчө маанилүү болуп саналат, ал адам укугун, өзгөчө укуктук дэңгээлдеги өзүнчө бир индивид катары аялдардын укугун түшүнүүнү баса көрсөтүү болуп саналат.

Тарыхый жактан ушундай болгон: каада-салттардан жана үрп-адаттардан улам коом эркектер менен аялдарды тендеш болбогон эки топко бөлгөн. Мында эркектердин саны эреже катары, коомдук кызмат өтөө менен, ал эми аялдардын инсаны – тар үй-бүлөлүк милдеттердин чектеринде жүзөгө ашырылган. Ошондуктан аял бардык маданияттар тарабынан өз алдынча инсан катары эмес, эркекке, атап айтканда, атасына, күйөөсүнө камкордук көргөн кишиге дайыма көз каранды болгон «көмөкчү» социалдык жан катары кабылданган.

Бүгүнкү күндө гендердик теңсиздик маселеси тууралуу Кыргызстанда көп сөз кылынууда. Бул темага арналып аялдар маселеси ар түрдүү кырдаалда талкууланган конференция, семинар, тренингдер өткөрүлүүдө. Өкмөттүк эмес тармак башчылары тарабынан, аялдардын акыбалын жакшыртууга өзсалымын кошууга умтулган аялдар уюмдары түзүлүүдө.

Орус ойчулдары арасында жыныс темасы XIX кылымдын ортосунда кеңири талкууга алына баштаган. Эң негизгилерден болуп А.С. Хомяковдун көз караштары

эсептелинет. Жыныс түшүнүгү булл ойчул тарабынан чыныгы биологиялык мааниде, ал эми жыныстык айырмалоо, антагонизм жана аялдын баш ийүүсүн «жаратылыштан» жана «кудайдын бергени» катары талкууланат[1].

Т.Парсонс социалдык жана маданий катмарларга эң тура айырмачылык берген. Ал, социалдык деп: «Реалдуу социалдык жашоону – процесстерди, окуяларды, далилдерди түшүнсө, анын оюу боюнча маданий бул – адамдардын коомдук турмуш жөнүндөгү ой-толгоосу, же реалдуулук тууралуу ой жүгүртүүлөрү болуп саналат».[2]Өндүрүш жана социалдык мамилелер коомдо эркектин кызматын аткарат: алар калыптанып калган түшүнүктөрдү бузат, коомду алдыга жылдырат. Парнсондун оюу боюнча маданият, жеткирүү, мурастоо, туруктуулукту камсыздоо менен аялдын кызматын аткарат.

Э.Дюркгейм «функционализмдин атасы» катарында көңүл борборун үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө буруп, үй-бүлөгө мүнөздүү болгон колдоо жана бүтүндүк механизмин издөөгө таасирин тийгизген. Үй-бүлөдөгү тең салмактуулук бузулган - үй-бүлө аномиясындагы аял жана эркектердин ролун, эркектерге мүнөздүү болгон ажырашууга байланыштуу өз өмүрүн кыюуну карап чыккан. Дюркеймдин функционалдык түзүлүш анализине кошкон салымы чоң жана социология тарыхында жогору бааланган[3].

Үй-бүлө жана нике темасына арналган изилдөөлөрдүн баштоочусу болуп Р.Ачылова саналат. Ачылованын көз карашында, нике - үй-бүлөнүн негизи катарында, жаш өзгөчөлүгүнө, мотивине ж.б.у.с. байланышкан белгилүү бир объективдүү жана субъективдүү шарттарда калыптанат. Никеге туру мамлекеттик жана диний институттар аркылуу тастыкталат жана андан соң жубайлар мамилесинин белгилүү бир мүнөзү калыптанат. Ансыз нике болбойт, эгер нике болбосо үй-бүлө да курулбайт[4].

Үй-бүлөнүн бир канча аныктамасы жана функциясы бар экени баарыбызга белгилүү. Алардын ар бирине токтолуп отуруунун кажети жоктой, анткени берилген аныктама жана жүктөлгөн милдет менен күнүбүздөгү үй-бүлөнүн абалы чандаай калышпаса, дээрликкөп учурда күнүмдүк турмушубузда дал келе бербейт. Дүйнөдө кездешип жаткан үй-бүлөлүк проблемалар, биздин кичинекей мамлекетибизде дагы көп кездешчү болду. Эзелки ата-бабадан калган салттуу үй-бүлөдөн из калбагандай. Чоң үй-бүлөнүн ордун, кичинекей же болбосо жарым жартылай үй-бүлө басып калган кез. Учурда мамлекетибиз баш болуп гендердик укуктарды, аял менен эркектин коомдогу ордун бирдей кылууга тырышып жатабыз. Албетте эмгектин үзүрү болот дегендей, гендердик теңчиликке карата жасалган иш-чаралар жыйытыктарды берүүдө. Буга далил болуп билим жаатындагы аялдар маселелерин көтөрүп чыккан изилдөөлөрдү айтсак болот. Ошону менен эле бирге аялзаты балдарынын бактысы, үйдүн куту, жарынын жөлөгү болуп, уянын бузулушуна жол бербей, табигаттын берген назиктик сыяктуу сырларды өзүнө сиңирип келет. Аялзатынын түйшүгүн түшүнгөн эркек үй-бүлөнү бей капарсыз багууга, үй-бүлөнүн түбөлүк кенебес аска-зоосу, тиргеи болууга тийиш. Мындай үй-бүлөдө өскөн балдар, тартиптүү жүрүм-туруму менен айырмаланып, улууга урмат, кичүүгө ызат мамиледе, келечектеги коомдун жакшы инсандарынын катарында болору шексиз. Албетте муну менен катар коомубуздагы болуп жаткан жумушсуздуктун, жетишпестиктин, аргасыздыктын айынан ата-энелер, өспүрүм кыз-жигиттер алды жагы Орусиянын булуң бурчуна барса, арты жагы Европаны ашып кетип жатышат. Ыраакы Чыгашка сапар тарткан кыз-келиндер болсо өз-өзүнчө маселе. Себеби, адам балсынын жашоосундагы эң бир маанилүү учурлардын бири бул үй-бүлө куруу жана балдарына жетиштүү тарбия берүү болуп саналат эмеспи. Тилекке каршы, учурда көпчүлүк үй-бүлөлөр бекем болуудан алыс. Бул ойлонбостук, жаштардын өз жашоосунакарата жасалган кайдыгерлик мамиле болуп эсептелинет. Мындай фактылар жалпы республиканын бардык жерлеринеде кездешүүдө.

[1] Хомяков А.С. О старом и новом. М., 1988. С. 262.

[2]Парсонс Т. Понятие общества: компоненты и их взаимоотношения // Американская социологическая мысль. М., 1996. С. 494-526.

[3] Дюркгейм Э. Самоубийство. Социологический этюд. СПб, 1912. С.178.

[4]Ачылова Р. Семь я и общество. Фрунзе, 1986. С.22

Кыргыз мигранттардын абалын карай кетсек Орусияда мыйзамдуу жүрүү мөөнөтүн ашырып жиберген мигранттарга бир нече жылга өлкөнүн эшиги жабылат. Бул миграция тууралуу мыйзамдарга кирген өзгөртүүлөрдүн 10-январдан тартып ишке кирүүсүнө байланыштуу. МындаймаалыматтыФедералдык миграция кызматынын башчысы Константин Ромодановский “Интерфакс” агенттигине билдирди. Анын айтымында, жаңы мыйзамдар боюнча Орусияда мыйзамдуу жүрүү мөөнөтүн 120 күндөн ашырып жиберген мигранттар үч жылга, 270 күндөн ашырып жибергендер беш жылга чейин кайра өлкөгөкиреалышпайт[5]. Ал эми Орусияда мыйзамсыз бир жылдан ашык жүргөн мигранттар он жылга чейин кайра кире албай турган болот. Федералдык миграция кызматынын маалыматы боюнча, учурда Орусияда үч миллиондун айланасында мигрант бар, алардын көпчүлүгү КМШ өлкөлөрүнүн жарандары. Булардын ичинен миллиондон ашууну Орусияда мыйзамдуу жүрүү мөөнөтүн бир жана андан да көп жылга чейин ашырып жиберген.Орусияда мыйзамдуу жүрүү мөөнөтү бир жылда 90 күн. Бул мөөнөтү бүткөн мигрант Орусиядан чыгып, кайра дагы 90 күн өтмөйүнчө өлкөгө кире албайт. Албетте, мындай абал кыргыз үй-бүлөсүнө таасирин тийгизбей койбойт. Алсак, Кыргызстандагы жетим балдардын саны он миңдеп саналат. Ата-энеси акча табуу үчүн чет жакка кеткен же болбосо ажырашып кетип, же кароосуз калып социалдык жетимдерге айлангандарды кошкондо бардыгы болуп жуз миңден ашуун бала жардамга муктаж деген божомолдор бар[6]. Мамлекет жетим балдарды он сегиз жашка чейин гана көзөмөлдөй алат. Жетимдердин андан аркы тагдыры коркунучта турат. Айрым изилдөө өргө караганда, алдардын арасында жашоодон ордун таба албай, кылмыш чөйрөсүнө аралашып кеткендери көп. Өз алдынча эгемендүүлүктүа лганыбызга жыйырма жылдан ашты. Бул жылдар аралыгында жетим балдардын саны улам өсүп келет. Өкүнүчтүүсү, акыркыубактаата-энелүү же болбососоциалдыкжетимдердин саны да жылсайынкөбөйүпжатат. Мунун баардыгы коомубуздагы жаштардын шашып үй-бүлө куруусунан жана үй-бүлөлүк сапаттын кетүүсү болуп саналат. Алардын шалаакылыгынан келечек муунга чоң залакасын тийгизип жатаары шексиз. Балдар үйүндө тарбияланган балдар башкалардан айрымаланып калаары белгилүү. Андан сырткары, балдар үйүнөн тарбияланып чыккан балдардын 70-80 пайызы кылмыш иштерине, талап-тоноочулукка, сойкулукка аралашып кетип жатат. Кыргызстанда балдар үйүнөн жылына ондогон балдар жашы жеткенден кийин көчөдө калып жатканын айтылып келинет. Балдар үйүндө тарбияланып, эрезеге жеткен жетимдердин коомго ийгиликтүү аралаштырган мамлекеттик же коомдук иш-аракеттер азга эсе.

Ал эми А.К. Шайылдаеванын изилдөөсүндө[7] аялдар менен эркектерге төмөнкү жоболор берилген. Анда, башкарууга эркектер ылайыктуу болгонуна макул болгон эркек респонденттердин ою гана болбостон аялдардын дагы ою бар экенин - 36,2% дагы бир ирээт көрсөттү. Айрыкча айыл аялдарынын өзгөчө стереотиптери бар. Стереотип деп кандайдыр бир ишенимдерди айтабыз, алар өз учурунда фактылар менен далилденген эмес, бирок айыл жергесиндеги жашоочулардын арасында кеңири тараган. Башталгыч класс курагындагы балдар Алиппе китебинен «апасы терезе жууй турганын» ал эми «атасы гезит окуп, үй куруп, машина жана ракета башкара» турганын үйрөнүшөт. «Апасы» инженер болоорун билдирген учурлар сейрек кездешет. Жогорку класстарда тарых, география, адабият, музыка, эмгек сабактарында балдар билимдин бул тармактарында белгилүү аял – саясатчылар, окумуштуулар, жазуучулар жана музыканттар же сүрөтчүлөр жокко эсе экендигине ишенишет же кандайдыр бир ийгиликке жетишкендер кайсы бир династия мүчөлөрү же күйөөсү атактуулар деп эсептешет. Мисалы, Россияда - ханайым Екатерина, Кыргызстанда – Курманжан датка, Францияда - физик-окумуштуу Мария Склодовская-Кюри атактуу физик-окумуштуу Пьер Кюринин аялы. Бул Кыргызстан билим берүү системасында орто мектептерде колдонулган окуу

---

5 http://www.azattyk.kg/archive/ky-news/20150109/828/828.html?id=26783984
6 http://www.bbc.co.uk/kyrgyz/kyrgyzstan/2014/09/140903_orphans_and_charity.shtml
7 Шайылдаева А.К. Айыл аялдарынын азыркы социалдык көйгөйлөрү.192 б. 2013

китептерин изилдөөдө тастыкталган. «Байыркы дүйнөнүн тарыхы», «Орто кылымдын тарыхы», «Жаңы тарых» окуу китептеринде орточо эсеп менен алганда 30 эркектин ысмына 1 аялдын ысмы туура келет. Тилекке каршы белгилүү окумуштуу, жазуучу жана коомдук ишмерлердин арасында аялдар өзгөчө үй-бүлөлүү, балалуу аялдардын саны эң эле аз...»[8] Мына ушундай стереотиптер албетте балдар менен кыздардын гендердик көз караштарынын орун алуусуна таасирин тийгизбей койбойт.

*Таблица 1*

***Кыргыз Республикасынын эркектерине келтирилген негизги жоболор***

| № | ЖООПТОР | ЭРКЕК ТЕР | АЯЛДАР | БААРДЫ ГЫ |
|---|---|---|---|---|
| 1 | ЭРКЕКТЕР ТАБИЯТЫНАН БАШКАРУУЧУ БОЛУШАТ | 6,6% | 6,6% | 13,2% |
| 2 | ЭРКЕКТЕР БААРЫН БАШКАРЫШ КЕРЕК, АНТКЕНИ АЛАР БАШКАРУУГА ШЫКТУУ | 8,2% | 7,7% | 15,9% |
| 3 | ЭРКЕКТЕР АКЫЛДУУ БОЛУШАТ | 9,9% | 3,8% | 13,7% |
| 4 | ЭРКЕКТЕР ДЕНЕ-БОЮ МЕНЕН КҮЧТҮҮ БОЛГОНДУКТАН, АЛАР БАШКАРУУДА КОРКУТУУ МЕНЕН ЖАКШЫ БАШКАРЫШАТ. АЛАРДЫН БУЙРУГУНАН КОРККОНУНАН АТКАРЫШАТ. | 8,2% | 2,2% | 10,4% |
| 5 | БИЛБЕЙМ, БАЛКИМ КӨНҮП КАЛДЫМ | 7,7% | 6,1% | 13,8% |
| 6 | МЕН ЖӨН ЭЛЕ АЯЛДАРДЫН БАШКАРУУСУН КААЛАБАЙМ | 6,1% | 4,4% | 10,5% |
| 7 | СЫРТЫНАН АЯЛДАРГА АНЧА ЖАРАШПАЙТ БАШКАРГАН | 9,9 % | - | 9,9% |
| 8 | ЭРКЕКТЕРГЕ КӨБҮРӨӨК ИШЕНИШЕТ | 7,2 % | 5,4% | 12,6 % |
| 9 | ЖАЛПЫСЫ | 63,8 | 36,2 | 100% |

Ал эми эркектер аялдарга караганда жакшы башкаруу кызматчысы болорун 64,0% эркектер, жана 36,0 % аялдар белгилешти. Ачыгын айтыш керек мындай ойлогон аялдардын саны дээрлик эки эсеге аз. Бирок, окшош жооп берген ойлор дагы болуп жатты. Мисалы, «Эркектер табиятынан башкаруучу келет» деген пикирге 6,6% эркектер жана 6,6% аялдар кошулду, жана «Эркекер баарын башкарыш керек, алар башынан шыктуу» деген пикирге 8,2% эркектер дагы 7,7% аялдар дагы, бирдей ойдо экенин билгизишти. Бирок, «эркектер акылдуу», «дене-бою менен күчтүү болгондуктан, алар башкарууда коркутуу менен жакшы башкарышат. Алардын буйругунан корккондунан аткарышат» деген пикирлерди эркектердин пайдасына негизги аргумент катары кабыл алышкан жок.

Ал эми «Билбейм, балким эркектердин башкаруусуна көнүп калдым» деген пикир 7,7% эркектерге жана 6,0% аялдарга таандык. Эки топтогу респонденттердин ойлору бир кыйла окшош болду. «Жөн эле, эркектердин башкарышын каалабайм» деп белгилешти 6,0 эркектер жана 4,4 аялдар белгилешти. Эркектердин пайдасына жыйынтыктоочу пикир:

[8] Кара.: Радулова Н. Горе отума // Слово Кыргызстана. – 2003-ж. 5-сентябрь.

«Эркектерге көбүрөөк ишеним» деген ойду 7,1% эркек-респонденттер, жана 5,5% аял-респонденттер жооп беришти.

Берилген маалыматтар көрсөтүп тургандай жергиликтүү коомчулуктун өзгөчө пикири байкалды. Ал эркектердин табияттан башкаручу болуусу, себеби алар алдуу күчтүү болушат (дене бою боюнча). Же болбосо коомчулук эркектердин башкаруучулукка ылайыктуулугун, лидердик сапатынын болушун «эркектерге көп ишеним арттыруусу» менен белгиленген.

Кыргызстанда күйөөсүнөн токмок жеген, сексуалдык зомбулукка кабылгандар дагы кездешпей койбойт. Көптөгөн кыз-келиндер "Сезим" кризистик борборуна кайрылат. Бул борбор өзүнүн ишин 1999-жылы баштаган. Ошол кезде сурамжылоого катышкан кыз-келиндердин 80% зомбулуктун ар кандай түрүнө кабылганын айтышкан. Аталган борбордун жетекчиси **Бүбүсара Рыскулова**[9] аларга кайрылган жана телефон чалып кеп-кеңеш алган аялдардын санынан улам азыр деле абал өзгөргөн жок деп эсептейт. *Коомдо болуп жаткан көйгөйлөрдүн баары, жумушсуздук, кумарпоздук, баңгилик, миграция деген маселелердин баары эле үй-бүлө аркылуу, жеке адамдын тагдыры аркылуу өтүп атат. Турмуштагы көйгөйлүү нерселерди көтөрө албай күчүн үй-бүлөдөн чыгаргандар бар. Өзгөчө эркектер эч кимге барбайт, ичиндеги бугун эч кимге айта албайт анан күчүн аялдан, балдардан чыгарат. Биз эркек балдарды кантип тарбиялап жатабыз? Сен кыйынсың, сен табышкерсиң, жоокерсиң, ыйлабашың керек, темирсиң дейбиз. А бирок турмушта дайыма эле темирдей бекем болбойт экен.*

*Ал эми социолог Шайдуллаева Топчүгүлдүн пикиринде: «*Статистикага караганда деле аял көчөдөн, иштеген жеринен таяк жебейт. Ал үйүнө келип, жакын адамынан таяк жеп жатпайбы. Ошондуктан үй-бүлөлүк баалуулуктар, жоопкерчилик сезимдери тууралуу маселени негизги багыт катары алып чыгышыбыз керек. Ушул жагынан жакшы иштерди аткарсак зомбулуктун алдын алган болот элек, биз алдын алганга аракет кылышыбыз керек. Кыргыздын аялдары таяк жеген аял болгон эмес, кыргыздын мырзалары аялын сабаган эмес да. Бул кийин гана жасалма жаратып алган нерселер"[10].

Көп учурда токмок жеген аялдар үй-бүлөсүн сактап калуу аргасынан балдарым деп күйөөсүнө кайтып барат. Коомчулуктун жана аялзаттын өзүнүн "эрди-катын урушат, эси кеткен болушат" деген түшүнүктөн арыла албай жатышы бул көрүнүштүн азайбай жатышына себеп болууда.

Социалдык өнүктүрүү министрлиги аялдарды зомбулуктун бардык формаларынан коргой турган мыйзам долбоорун даярдап жатат. Жана андан башка мамлекеттик деңгээлде ар кандай иштеп чыгуу демилгелери да көтөрүлүүдө. Бирок, баары бир үй-бүлөлөрдүн бекемдигине кепилдик бере албайт.

Эмгек жолуна кирип жатып, жаштар кесиптер дагы аял жана эркектердикине болүнөөрүн көрүшөт. Саясатчылар, жетекчилер, аскерлер эрежеге ылайык эркектер, ал эми социалдык тармак кызматкерлери жана тейлөө кызматтарында негизинен аялдар. Н.М. Габриэляндын ою боюнча бул граматикалык жол жөн гана сөз айкашын түзүү каражаты болбостон, жогоруда көрсөтүлгөн кызматтар менен алектенген аялдар эркек сындуу аялдар, «өзүлөрүнө ылайыксыз жумушта иштешет» деген түшүнүктү калыптандыруунун күчтүү идеологиясы болуп саналат. Бирок кесиптерди аялдыкы же эркектики деп бөлүү жасалма экендигин жана мындай кесиптер бардык өлкөдө бирдей эмес экендигин убакыт көрсөттү. Эгер Россия жана Кыргызстанда аз төлөнүүчү категорияларга кирген дарыгерлик кесипте көбүнчө аялдар эмгектенсе, АКШда дарыгерлик кесип жогорку акы төлөнүүчү кесиптердин бири жана ал жакта аял дарыгерлерге караганда эркек дарыгерлер басымдуулук кылат.

Ч.Чотаеванын[11] социологиялык изилдөөсүндө Кыргызстандан башка өлкөлөргө кетүүсү биринчи кезекте экономикалык абалга байланыштуу.

---

[9] http://www.azattyk.org/content/kyrgyzstan_women_domectic_violence/25357652.html

[10] http://www. content/kyrgyzstan_women_domectic_violence/25357652.html

[11]Карагыла: Чотаева Ч. Современная межэтническая ситуация в Кыргызстане. По результатам социологического исследования. Б., 2011г.С.70. Бет-58.

*Таблица 2*
***Кайсылсебептерменен Сиз Кыргызстанданкеткиңизкелет?***

| | *СЕБЕПТЕР* | *УЛУТУ* | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **КЫР ГЫЗ** | **ОРУС** | **ӨЗБЕ К** | **БАШ КА** |
| *1* | **ТУРУКТУУЖУМУШСУЗДУКТУН АЙЫНАН** | **11,2%** | **17,2%** | **5,2%** | **11,6%** |
| *2* | **ТӨМӨНКҮДЕҢГЭЭЛДЕГИЖАШ ООШАРТ** | **5,8%** | **8,0%** | **6,5%** | **14,7%** |
| *3* | **САЯСАТТАГЫСТАБИЛДҮҮЛҮК ТҮНЖОКТУГУ** | **5,6%** | **11,0%** | **6,5%** | **13,7%** |
| *4* | **УЛУТТУНА КАРАТА БАСМЫРЛОО** | **0,5%** | **1,8%** | **2,0%** | **2,1%** |
| *5* | **ПАРАКОРЛУКЖАНАКЫЛМЫШ ТУУЛУК** | **1,0%** | **1,8%** | **2,0%** | **2,1%** |
| *6* | **ОКУУГАБАЙЛАНЫШТУУ** | **0,8%** | **0%** | **0%** | **0%** |
| *7* | **КЕТЕЙИНДЕГЕНОЮМЖОК** | **74,0%** | **60,1%** | **77,1%** | **55,8%** |
| *8* | **ЭС АЛЫПКЕЛҮҮҮЧҮН** | **1,0%** | **0%** | **0%** | **1,1%** |

Анын ичинен 11,2% кыргыздар 172% орустар 5,2% өзбектер жана 11,6% башка улуттагы респонденттер туруктуу жумушсуздуктун айынан жакшы айлык маяна алуу үчүн кетишет (№2 табл. карагыла). Ал эми 5,8% кыргыздар, 8% орустар, 6,5% өзбектер жана 14,7% башка улуттагыларжашоошарттытөмөнболгондуктанкетүүгөаргасызболгон 5,6 кыргыздар, 11% орустар, 6,5% өзбектер жана 13,7% башка улуттагылар. Аз сандагы болсо да 0,8% кыргыздардын башка улуттарга салыштырмалуу билим алуу максаты сүйүндүрөт.

Мунун баардыгы негизинен эркектин табияты, уй бүлөдөгү ролу, коомдогу орду, аялдын да үйдөгү ролу, коомдогу орду, табиятынын өзгөчөлүгү жөнүндө малыматтын жоктугунан. Эгер ушулар жөнүндө терең малымат, мамлекет деңгээлинде идеология жетип турса туура болмок беле. Эркек да, аял да кризиске кабылбай тургандай өздөрүнүн функциясын туура аткармак. Умтулуу, өнүгүү да ошого карай багытталмак. Коом интелектуалдуу болуш үчүн мамлекеттик деңгээлдеги программалар иштелип чыгыш керек. Жөн гана кагаз түрүндө эмес иш жүзүндө тажрыйба болуусу зарыл. Коомдо таза инсандар көп болушу үчүн, албетте, садиктен баштап, ар бир ишканаларда иштей турган адеп ахлак маданиятын сиңириш керек. Баса белгилей кетчу нерсе, ислам бугажардамбереалбайт.Исламдааялгаэкинчисорттогудаймамилежасалат. Бир эле мисал, эркек көпаялалса болот, аялдынукугужок. Негизиненэркектинбираялы, аялдынбир күйөсүболушкерек. Бирок, ар бирининөз табиятынажараша орду, ролу, функциясы бар. Мунун натыйжасында, **гендердик мамилелер** келип чыгат. Бул гендердик теңсиздикти жаратып, аны кайрадан пайда кылган социалдык болмуштун бардык чөйрөлөрүн тепчип өткөн белгилүү түзүмдү айтабыз. Гендердик теңсиздикти тең мүмкүнчүлүктөргө негизделген жыныстар ортосундагы эгалитардуу мамилени куруу аркылуу жойсо болот. Аял менен эркектин ортосундагы ролдук функциялардын азыр өзгөрүп жатканы, дегеле коомдук нормалардын талкаланышы эмес, эскирип, мезгили бүткөн социалдык нормалардын бузулуусу болуп саналат. Жыныстар ортосундагы эгалитардык деп аталган мамилелер салтка ылайык өкүм зорлук кылуучу менен ага баш ийүүчүнүн ортосундагы

мамилеге эмес, коомдогу жана үйбүлөдөгү инсандык бирин бири толуктап турган мамилелерге негизделет.

Демек, илимий деңгээлде азыркы учурда конкреттүү кырдаалдагы гендердик мамилелердин конкреттүү мазмунун тактоого багытталган же бул кырдаалды өзгөртүү боюнча конкреттүү долбоорду ишке ашырууга байланышкан иш-чара керек. Гендердик анализдин ар түрдүү ыкмаларын колдонуу менен жаш илимпоздордон аял менен эркектин күнүмдүк жашоонун ар кайсы чөйрөлөрүндө чыныгы акыбалын обьективдүүлүктүн бийик деңгээлинде аныктоого мүмкүндүк бере турган натыйжаларды талап кылуу абзел, жана мектептерде атайын үй-бүлө мамилелери жөнүндө окутуу ашыкча болбос.

**Адабияттар:**


1. Ачылова Р. Семья и общество. Фрунзе, 1986. С.22
2. Дюркгейм Э. Самоубийство. Социологический этюд. СПб, 1912. С.178.
3. Радулова Н. Горе отума // Слово Кыргызстана. – 2003-ж. 5-сентябрь.
4. Парсонс Т. Понятие общества: компоненты и их взаимоотношения // Американская социологическая мысль. М., 1996. С. 494-526.
5. Хомяков А.С. О старом и новом. М., 1988. С. 262.
6. Чотаева Ч. Современная межэтническая ситуация в Кыргызстане. По результатам социологического исследования. Б., 2011г.С.70. Бет-58.
7. Шайылдаева А.К. Айыл аялдарынын азыркы социалдык көйгөйлөрү.192 б. 2013


***Интернет булактар:***


1. http://www. content/kyrgyzstan_women_domectic_violence/25357652.html
2. http://www.azattyk.kg/archive/ky-news/20150109/828/828.html?id=26783984
3. http://www.azattyk.org/content/kyrgyzstan_women_domectic_violence/25357652.html
4. http://www.bbc.co.uk/kyrgyz/kyrgyzstan/2014/09/140903_orphans_and_charity.shtml